2025-2026- окуу жылынын

7-класстын табият таануу (илим) предметинин календардык- тематикалык планы

Бекитемин	Текшерилди	УБ де каралды
Мектеп директору	ОТИ боюнча дир.орун басары	Протокол № 1
Усеналиева С.А.	Мукарапова А.К.	УБ нин жет. Джанайбекова Н.И.
_____	_____	_____
“ ” август 2025-ж.	“ ” август 2025-ж.	“ ” август 2025-ж.

7-класстын календардык- тематикалык планы 12 жылдык билим берүү программасынын негизинде жүргүзүлүп, сабактар 3С+1Е модулу менен өтүлөт. (жыл боюнча 68 саат)

№	Главанын темалары	Темалардын мазмуну	Сааты	Максаты	Эскертүү
1.	Илимий изилдөөгө киришүү		8	илимдин жашоодогу маанисин сүрөттөйсүңөр; адамдардын илимий билимдин өнүгүшүнө кошкон салымдарын түшүндүрөсүңөр	ар бир бөлүмдүн аягында картаны түзүү, өзүбүздү сынап көрөлү деген форматтарга 1-2 саат бөлсөңүз болот
		Илим деген эмне?	1		
		Биз илим менен кантип алектенебиз?	1	илим менен байланышкан маанилүү мамилелердин жана көндүмдөрдүн тизмесин түзөсүңөр; берилген маалыматтардын натыйжаларын түшүндүрөсүңөр; гипотеза текшерилиши мүмкүнбү же жокпу, аны чечесиңер: изилдөө учурунда чогултулган далилдер гипотезаны кантип тастыктай турганын же четке кагарын сүрөттөп бересиңер. Моделдин күчтүү жана алсыз жактарын сүрөттөп,	

				баалайсыңар.	
		Байкоо процесси (17-19-бет)	1	изилдөө жүргүзүүдө бир нерсени көрүү, угуу, жыттоо же тийүү (кармап көрүү) үчүн сезимдерибизди колдонуп түшүндүрүү; байкоолорду жүргүзүүдө приборлорду колдонууну үйрөнүү	
		1.3. Илимий лабораторияда иштөө	1	илимий лабораторияларды коопсуздук эрежелерин сактоонун жолдорун түшүндүрөсүңөр; кооптуу заттарды билдирген символдорду тааныйсыңар; практикалык иштерди аткаруда зыяндуулуктун белгилерин окуп, маанисин түшүндүрөсүңөр	
		Жабдуулардын кандай түрлөрү колдонулат?	1	лабораториялык жабдыктардын түрлөрүн тааныйсыңар жана колдоносуңар;	

		Илимдин колдонулушу Илим кантип өнүгүп жатат? Илимдин айрым тармактары кайсылар? Бүгүнкү илим	1	илим менен технологиянын пайдасын, терс таасирин жана чектөөлөрдү түшүнөсүңөр;биздин илим түшүнүгүбүздү түзүү үчүн адамдар өз алдынча жана чогуу иштешкенин сүрөттөп бересиңер;	
		Илимди кантип колдонушубуз керек? Илим айлана-чөйрөгө кандай таасир этет? Илим эмне кыла албайт?	1	илимдин колдонуштарын сүрөттөп бересиңер; илимдин глобалдык айана-чөйрөгө тийгизген таасирин талкуулайсыңар	
		Келгиле карта түзөлү; кайталоо үчүн суроолор; өзүңө чакырык жаса	1	Изилдөөңөрдөн жыйынтык чыгарасыңар	
2.	Клеткалар-тиричиликтин негизги бирдиктери	Клетка деген эмне? Клетка теориясы кандайча иштелип чыккан? Клеткаларды кандайча байкоого болот?	1	Тирүү организмдер клеткалардан турарын түшүнөсүңөр; микроорганизмдер көбүнчө бир гана клеткадан турганын билесиңер; илимий билим убакыт өткөн сайын кандайча өнүгөөрүн сүрөттөп бересиңер	

		Клетканын түзүмү Өсүмдүк клеткасынын бөлүктөрү. Жаныбар клеткасынын бөлүктөрү кандай?	1	жаныбардын жана өсүмдүктүн типтүү клеткасынын ар кандай бөлүктөрүн аныктап, сүрөттөп жазасыңар;	
		Өсүмдүк жана жаныбар клеткаларынын окшоштугу жана айырмачылыгы	1	өсүмдүк клеткалары жаныбар клеткаларын салыштырып, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табасыңар; клетканын моделин баалап, анын күчтүү жана алсыз жактарын аныктайсыңар	
		Адистешкен клеткалар. Клеткалардын түзүлүшү алардын кызматтарына кандайча туура келет?	1	кээ бир клеткалардын түзүлүшү алардын аткарган кызматтары менен байланыштуу экенин билесиңер	
		Клеткалардын организмде жайгашышы. Ткань деген эмне? Өсүмдүк ткандарынын мисалдары. Жаныбар ткандарынын мисалдары. Органдар деген	2	клеткалар ткандарга, органдарга жана органдар системаларына кандайча топтолуп жайгашканын түшүнөсүңөр	

		эмне? Өсүмдүктөрдүн органдары. Адамдын органдары.			
		Организмдеги органдар системалары. Өсүмдүктүн органдар системалары. Адамдын органдар системалары. Клеткадан организмге чейин	1	органдар системаларына кандайча топтолуп жайгашканын түшүнөсүңөр; организмдин функционалдык система экенин далидейсиңер	
		Келгиле карта түзөлү; кайталоо үчүн тапшырмалар; өзүңө чакырык жаса (77-79-беттер)	1		
3	Жандуу организмдердин классификациясы			жандуу организмдердин негизги (жети) өзгөчөлүктөрүн айтып бересиңер	
		Бир нерсенин жандуу же жансыз экендигин кантип билебиз? Кыймыл, азыктануу, өсүү	1	жандуу организмдердин негизги (жети) өзгөчөлүктөрүн айтып бересиңер	

		Жандуу организмдердин мүнөздөмөлөрү: дем алуу, сезгич, көбөйүү, бөлүп чыгаруу (экскреция)	1	жандуу организмдердин негизги (жети) өзгөчөлүктөрүн айтып бересиңер	
4	Вирустар	Вирустар деген эмне? Вирустар жандуубу же жансызбы?	1	Вирустар жандуу же жансыз экендигин талкуулайсыңар	
		Вирустардын биологиялык жана социалдык мааниси Вирустук оорулардын алдын алуу жолдору Эмне үчүн биз өзүбүздү вирустардан коргошубуз керек?	1 1 1		
5	Жандуу организмдерди кантип классификациялайбыз?		4	илимий билимдер убакыттын өтүшү менен өнүгүп жатканын сүрөттөп бересиңер	
		Биологиялык ар түрдүүлүк деген эмне? Кыргызстандагы биологиялык ар түрдүүлүктү изилдөө	1	Кыргызстандын биоартүрдүүлүктөрүнөн мисалдарды келтиерсиңер	

		Жер бетиндеги биологиялык ар түрдүүлүктү кантип классификация лайбыз? Классификациялык системалар кантип өнүккөн? Классификациялык системаларды колдонуудагы жаңы өнүгүүлөр	2	классификация, систематика илимин пайдалануну түшүнөсүңөр	
		Түр деген эмне? Илимде түрлөрдү кантип атайбыз жана кантип ат беребиз?	1	түр деген эмне экенин түшүнөсүңөр;	
7	Өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды классификациялоо	Өсүмдүктөрдү кантип классификация лайбыз? Жаныбарларды кантип классификация лайбыз?	1 1	жандуу организмдерди классификациялоо үчүн ачкычтарды колдоносуңар; кошумча булактардын тиешелүү маалыматты колдонуп, ал булактын жарамдуу экенин аныктай аласыңар	
	Жандуу организмдерди аныктоочу ачкычтарды кантип колдонобуз?	Жандуу организмдерди аныктоочу ачкычтарды кантип колдонобуз? Дихотомиялык ачкычты	1	Жандуу организмдерди классификациялоо үчүн ачкычтарды түзөсүңөр; практикалык иштерди коопсуздук эрежелерин сактоо	

		кантип түзөбүз? Келгиле карта түзөлү; кайталоо үчүн суроолор; өзүңө чакырык жаса	1	менен аткарасыңар; изилдөөнү жакшыртуунун жолдорун сунуш кыласыңар жана түшүндүрөсүңөр	
8	Азык чынжырлары жана азык желелери	Микроорганимдер жок кылуучу катары. Микроорганизмдер деген эмне? Микроорганизмдер жана ажыроо Экосистемадагы редуценттер	1 1	илимий негиздеги божомол жасаш үчүн билимди жана түшүнүктү, процесстерди колдоносуңар; практикалык ишти коопсуздук эрежелерин сактоо менен аткарасыңар; натыйжага негизделген так божомол болгонун сүрөттөп бересиңер; изилдөө планын түзөсүңөр; объективдүү редуцент катары аракет кылган кээ бир микроорганизмдердин экологиялык маанисин сүрөттөп бересиңер; тажрыйбаны пландаштырып, эмне өзгөрөрүн жана эмне туруктуу каларын аныктайсыңар; практикада гипотезанын чындыгын текшерүүгө болорун	

				далилдейсиңер	
9	Азык чынжырлары жана азык желелери	Азык чынжырлары жана азык желелери Азык желеси деген эмне? Азык чынжырындагы организмдер Энергия азык чынжырында кантип жылып жүрөт? Азык желеси деген эмне? (125-бет) Азык чынжырындагы жана азык желесиндеги микроорганизмдер Келгиле карта түзөлү; кайталоо үчүн суроолор; өзүңө чакырык таштагыла	1 1 1 1 1	азык чынжырларын, азык желелерин редуценттерди кошуп түзөсүңөр жана түшүндүрөсүңөр; кошумча маалыматты колдонуу менен организмдеди классификациялайсыңар; практикалык иштерди коопсуздук эрежелерин сактоо менен аткарасыңар; берилген маалыматтарды колдонуу менен натыйжаларды түшүндүрөсүңөр; маселелрди чечүүгө ылайыкталган негизги суроолорду илим менен кантип көтөрүп чыгарына баа бересиңер	
10	Заттардын химиялык касиеттери	Химиялык касиеттер деген эмне? Заттардын химиялык касиеттери. Реакцияга жөндөмдүүлүгү	1 1	бардык заттар химиялык касиеттерге ээ экенин түшүнөсүңөр	

		Кычкылдуулук/ щелочтуулук. Уулуулук	1		
11	Кислоталар жана щелочтор	Кислоталар деген эмне? Айлана-чөйрөбүздөгү кислоталар Кислоталардын жалпы касиеттери Щелочтор деген эмне? Айлана-чөйрөбүздөгү щелочтор Щелочтордун негизги касиеттери Индикатор деген эмне? pH шкаласы деген эмне? pH деңгээлин өлчөө үчүн индикаторлорду кантип колдонсок болот? Бүгүнкү илим Нейтралдаштыруу деген эмне? (214-бет) Күнүмдүк жашоодо нейтралдашуу реакциясынын кандай мисалдары байкалат? Келгиле карта	1 1 2 1 2	кислаталуулук жана щелочтуулук бул химиялык касиет экендигин түшүнөсүңөр; алардын организмге тийгизген пайдалуу жана зыяндуу таасирлерин тайдайсыңар; кооптуу заттарды билдирген белгилер менен таанышасыңар	

		түзөлү; кайталоо үчүн суроолор; өзүңө чакырык жаса	1		
12	Химиялык реакциялар	Химиялык реакция деген эмне? Бардык эле химиялык реакциялар пайдалуубу? Кислоталуу жамгыр. Озон катмарынын жукарышы Жөнөкөй химиялык реакциялар жана алардын колдонулушу (230-бет) Химиялык реакциялардын болуп өтүшүн аныктоо Фотосинтез процессинин теңдемеси Жер бетиндеги фотосинтездин ролу Келгиле карта түзөлү; кайталоочу суроолор билимди текшер	1 1 1 1 1 1 1	химиялык кубулуштарды аныктайсыңар; химиялык реакцияларды чагылдырасыңар; изилдөөлөрдү пландаштырасыңар жана өзгөрүүлөрдү аныктайсыңар; изилдөө үчүн тиешелүү жабдууларды тандайсыңар, аларды колдоносуңар;коопсуздук эрежелерин сактап, лабораториялык ишти жүргүзөсүңөр; натыйжаларды талдоонун негизинде жыйынтык чыгарасыңар; илимдин глобалдык чөйрөго тийгизген таасирин талкуулайсыңар; илимий болжомолдор изилдөө учурунда алынган далилдер аркылуу кантип тастыкталарын же жокко чыгарын сүрөттөп, илимдин көйгөйлөрүн кантип аныкташын же чечүүсүн баалайсыңар; химиялык	

				реакциялардын болгонун же болбогонун аныктайсыңар	
13	Энергия	Энергия деген эмне? Энергиянын тирүү организмдерде кандай түрлөрү бар? Биздин айланабыздагы энергия Химиялык жана биологиялык (серпилгичтик) энергия деген эмне? Организмдин клеткасындагы энергиянын пайда болушу жана мааниси	1 1 1	Энергияга мүнөздөмө бересиңер; жандуу организмдеги энергиянын кантип жана кайдан пайда болушун жана анын түрлөрүн талдайсыңар; организде энергиянын сарпталышынын схемасын түзөсүңөр	
14	Жердеги процесстер	Жердин атмосферасы Суунун айлануусу Кычкылтектин айлануусу Көмүр кычкыл газынын айлануусу Азоттун айлануусу Заттардын жаратылышта айлануусунун организмдердег	1 1 1 1 1 1	Таза. Кургак абанын курамын билесиңер; табигый таштандылар же булгануу абанын курамын кандайча өзгөртөрүн түшүнөсүңөр; көйгөйлөрдү алдын алууда, чечүүдө илимдин маанилүүлүгүн баалайсыңар; илимдин глобалдык айлана-чөйрөгө тийгизген таасирлерин талдайсыңар;	

		и мааниси		суунун, көмүр кычкыл газынын, көмүртектин, суутектин айлануу процессинин (цикл) жүрүшүн сүрөттөп бересиңер; моделдин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктап, баалайсыңар	

Бишкек шаарынын №64 орто билим берүү мектеби

Муг: Сатубаева Айсалкын Самодуновна